КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ ТАЛАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин VIII чакырылыштагы кезектеги VII сессиясынын №42 /7-8 ТОКТОМУ

**26-октябрь,2021** **Талас шаары**

**Талас шаарында үй-жаныбарларын жана канаттууларды багуу тартиби боюнча жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаардык мэриясынын 24.09.2021-жылдагы №01-21/1592 чыгыш сандуу катынын негизинде жана Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий обьектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча" туруктуу комиссиясынын №3 протоколдук сунушун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Талас шаарында үй-жаныбарларын жана канаттууларды багуу тартиби боюнча жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаардык "Жаңы багыт" газетасына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (А.Сариева) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Регламент, депутаттык этика, мыйзамдуулук укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери, көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий объектилердин аттарын өзгөртүп кайрадан атоо боюнча" туруктуу комиссиясынын төрайымына (К.Карагулова ) тапшырылсын.

**Төраганын орун басары** **А.Курамаев**

Кыргыз Республикасы Депутаттардын Талас шаардык кеңеши
Таласский городской кенеш депутатов
ИНН 00612200510079

КАНЦЕЛЯРИЯ

**Жобо**

**Талас шаарында үй жаныбарларын жана канаттууларды багуу тартиби**

Талас шаарында үй жаныбарларын жана канаттуларды багуу эрежелери, (мындан ары эрежелер) Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы №101 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамын, 2013-жылдын 6-июнундагы № 91 "Жаныбарларды идентификациялоо жөнүндөгү", 2014-жылдын 30-декабрындагы № 175 "Ветеринария жөнүндөгү" Мыйзамын жана, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013- жылдын 7-майындагы №256 токтому менен бекитилген Ветеринардык санитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы жөнүндө Жобону, курулуш нормалары жана шаар курулуш бөлүмүнүн нормалары 2.0701-89 2.19, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген санитардык эпидемиологиялык эрежелер жана санитардык-коргоо зоналары жана ишканалардын, курулмалардын жана башка объектилердин классификацияларынын негиздеринде иштелип чыкты.

Эрежеде курчап турган чөйрөнү коргоонун, ветеринардык-санитардык маселелерин чечүүнүн, шаардагы эпизоотиялык жана эпидемиологиялык бейпилдикти камсыз кылуу боюнча мамлекеттик, коомдук чарбалык жана атайын чаралардын комплекси каралган.

Эрежелер, үй жаныбарлары менен үй канаттууларын багууда, эксплуатациялоодо, кармоодо, ошондой эле өндүрүүдө, жаныбарлардан алынган продуктыларды кайра иштетүүдө, сактоодо, ташууда, сатууда шаардын ведомстволук таандыктарына жана менчигинин түрүнө карабастан аткаруу милдеттүү болуп саналат.

Кошуналардын макулдугу менен эгерде асыл тукум катары же аңчылык же тейлөөчүлүк катары кинологиялык уюмда же ветеринариялык жана фитосанитариялык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органда катталса көбүрөөк санда уруксаат берилет. Сөзсүз түрдө иттердин бар экендиги тууралуу жазма эскертүүлөр имараттын, батирдин, менчик короонун сыртына илинүүсү талап кылынат.

Ар бир жаныбар ээсинин менчиги болуп саналат жана башка мүлктөр сыяктуу эле мыйзам тарабынан корголот. Мойнунда каргы тагылган ит, мышыктар жолбун ит катары эсептелбейт жана себепсиз жок кылууга алынбайт.

Жарандардын ден-соолугуна келтирилген зыян жана жаныбарлар менен канаттууларга келтирилген зыян мыйзамда белгиленген тартипте толтурулат.

Талас шаарынын борбордук бөлүгүндө ири жана майда жаныбарларды кармоого тыюу салынат.

Алар: Бердике Баатыр көчөсү Ж.Мырзалиев көчөсүнөн К.Нуржанов аллеясына чейинки бөлүгүндө; И.Сарыгулов көчөсүнүн Манас көчөсүнөн Ч.Айтматов көчөсүнө чейинки бөлүгүндө.

**1 Бөлүм**

**1. Жарандар, ишканалар, уюмдар менчиктин түрүнө карабастан үй жаныбарларын жана үй канаттууларын кармоодо төмөндөгү эрежелерди сактоого милдеттүү:**

1.1.Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен жана медициналык мекемелерден 50 метрден жакын эмес, ошондой эле кошуналарынын турак үйлөрүнүн эшик терезелеринен 12 метр аралыктан жакын эмес жайгаштырууга;

1.2.Жаныбарларды кармоо жайларынын мезгил-мезгили менен актоо, үй канаттуулары кармалуучу жайларда санитардык-дезинфекциялык, профилактикалык тазалоо иштерин жүргүзүп турууга;

1.3. Кык сактоочу жайларды уюштуруу, жабдуу. Жаныбарлардын таштандыларын сактоо атайын бетон же темир бактарда сакталып, жумасына 2 жолу шаардын таштанды таштоочу жайына чыгарып турууга жана аларды кошуналардын турак үйлөрүнүн терезелеринен 8 метрден кем эмес аралыкта жайгаштырууга;

1.4.Жаныбарларды жана канаттууларды аймактык ветеринария жана фитосанитариялык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органга же жеке ветеринар доктурларга көрсөтүп турууга.

**2. Үй жаныбарларын жана үй канаттууларынын ээлерине тыюу салынат:**

2.1.Көп кабаттуу үйлөрдүн короолорундагы жалпы колдонуудагы жер тилкелеринде, жалпы колдонуудагы имараттарда, дарылануучу жайлардын, балдар үчүн мекемелердин, ошондой эле коомдук тамактануучу жайлардын жана сатуу жайларынын аймагында кармоого;

2.2.Шаар тургундары эс алуучу жайларда, парктарда, скверлерде, газондордо, көчө боюндагы муниципалдык жер тилкелеринде жаныбарларды, канаттууларды жаюуга;

2.3.Шаардын коомдук колдонуудагы жерлеринде, таза суу колонкаларында, бассейиндерде жана фонтандарда жаныбарларды, канаттууларды сугарууга;

2.4. Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын уруксаат кагазысыз жаныбарларды, канаттууларды шаар ичине ташууга же шаардан чыгарууга;

2.5.Ветеринардык органдын уруксаатысыз массалык түрдө жаныбарларды же канаттууларды жок кылууга;

2.6.Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын уруксаатысыз ярмаркаларды, көргөзмөлөрдү, алып-сатуу иштерин уюштурууга.

**2 Бөлүм**

**3. Жаныбарлардын ээси милдеттүү:**

3.1.Ит жана мышыктарга ветеринарлардын көзөмөлүнөн эхинококко каршы дегельминизациялоону жылына 4 жолудан кем эмес өткөрүү, кутурма жана чумага каршы вакциналарды жылына бир жолу алуу менен регистрациядан өтүүгө;

3.2.Ит, мышыктарды сейилдетүүдө санитардык-гигиеналык нормаларды сактоого;

3.3.Иттерди сейилдетүүдө ооз таңуусу менен (намордник) 12 жаштан кем эмес өспүрүм же чоң кишилердин коштоосунда сейилдетүүгө жана кечки 23.00 дөн таңкы 07.00 чейинки мөөнөттө сейилдетүүнү токтотууга;

3.4.Жарандарды тиштөө, кол салууну алдын алуу максатында, короодо итти байлоодо кармоо же короодон сырткары чыгарбоого;

3.5.Ит, мышыктарды кармоого мүмкүнчүлүк жок болгон убакта же ит, мышыктардын өлүп калуусунда, аларды ветеринарлардын көзөмөлүндө санитардык тазалоо боюнча ыйгарым укуктуу кызматтарга өткөрүп берүүгө;

3.6.Көп кабаттуу турак үйлөрдөгү ит, мышык ээлери тынчтыктын болушун камсыздоого;

3.7.Көчөдөн өтүүдө транспорттук кырсыктардын жана иттин авто унаага урунуусун алдын алуу максатында, иттин ээси кыска моюндагыч (ошейник) менен алып өтүүгө;

3.8.Ит, мышыктар табигый таштандыларын (экскременттерин) калтырган учурда ээси тарабынан тазалоого.

**4. Тыюу салынат:**

4.1.Балдар аянтчасында, эс алуучу жайларда, парк, сквер аянттарында, базарларда, коомдук тамактануучу жайларда, имараттардын ичинде иттерди, мышыктарды сейилдетүүгө, кармоого;

4.2.Жатаканаларда, кирип-чыгуусу жалпы болгон мейманкана тибиндеги батирлерде ит, мышыктарды кармоого;

4.3.Көп кабаттуу үйлөрдүн тепкичтеринде, подъезддеринде, лифттерде, балдар ойноочу аянттарында, тротуарларда сейилдетүүгө;

4.4.Ит, мышыктарын таза суу колонкаларында, фонтандарда, бассейндерде жуунтууга;

4.5.Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан уруксааты жок көргөзмөлөрдү, демонстрациялык иш чараларды уюштурууга, өткөрүүгө;

4.6.Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан уруксааты жок сатып алууга, сатууга, шаарга киргизүүгө, шаардан чыгарууга;

4.7.Көп кабаттуу үйлөрдүн лифттеринде, коомдук транспортто ит, мышыктарды алып жүрүүгө;

4.8.12 жаштан төмөнкү өспүрүмдөргө, мас абалындагы жарандарга иттерди сейилдетүүгө.

**3 Бөлүм**

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мамлекеттик жана шаардык кызматтардын укуктары жана милдеттери.**

**5. Кварталдык комитеттер, Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы, "Талас жашыл чарба" муницпалдык ишканасы:**

5.1.Талас шаарынын мэриясына шаар аймагындагы үй жаныбарларынын жана үй канаттууларынын саны боюнча жылдын 1-декабрына чейинки мөөнөттө маалымат берүүсү керек.

5.2.Ушул эрежеде көрсөтүлгөн тыюу салынган жерлерди көзөмөлдөйт.

5.3. Көчөдөгү кароосуз ит, мышыктарды кармоочуларга көмөк көрсөтөт.

5.4. Кутурмага каршы вакцина алынбаган, катталбаган ит, мышыктарын жашыргандыгы үчүн ит, мышык ээлери боюнча ИИБүнө билдирет.

5.5. Жолбун ит, мышыктардын айланада пайда болушу менен тиешелүү структураларга билдирүү берет.

5.6.Жарандардын, коомчулуктун таанышуусу үчүн кутурма жана башка ылаңдуу, жугуштуу ооруларга каршы вакцина берүүчү, дарылоочу, кабыл алуучу ветеринардык жайлардын даректерин, байланыш телефондорун маалымат тактасына жайгаштырат.

5.7. Маалымат берүүдө, жыйноодо, таратууда, тиешелүү даректерди табууда ветеринардык инспекторлорго тийиштүү деңгээлде көмөк көрсөтөт.

5.8. Жамааттык арыз менен түшкөн билдирүүнүн негизинде бир катар эрежеге каршы бузууларга алып келген жаныбарлардын, канаттуулардын ээлерине эреже бузулгандыгы аныкталган учурда, Кыргыз Республикасынын Бузуулар кодексинин негизинде чара көрүлөт.

**6. Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасы милдеттүү:**

6.1.Таштанды, жолбун ит, мышыктарды кармап чогултуп чыгарууга, жок кылууга, ушул эрежени 3.4 пунктунда көрсөтүлгөн жагдайлар кароосуз ит, мышыктар тарабынан болгон учурда тазалоо иштерин жүргүзүүгө;

6.2.Кармалган ит, мышыктар төмөндөгүдөй шартта жок кылынат:

- Кишини, балдарды, жаныбарларды тиштеген иттер, мышыктар ветеринардын көзөмөлүндө 10 күндүк мөөнөттө, ишкана тарабынан жок кылынат;
- Калган кармалган иттер, мышыктар жарандардын кайрылууларынан кийин алардын менчигиндеги ит, мышыктар 3 күн аралыгында жок кылынат.
- Ветеринардын аныктоосу менен сутканын баардык убакыттарында батирден, менчик турак үйдөн кутурмага чалдыккан жаныбарлар алынып чыгарылат жана коопсуз жайга жайгаштырылат же санитардык нормаларды сактоо менен жок кылынат.

**7. Кыргыз Республикасынын ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы милдеттүү:**

7.1. Укуктук мамилелерди жөнгө салуучу ветеринадык жана башка Мыйзамдарды сактоого;

7.2.Жаныбарларды кармоодо, ташууда, сатууда жана башка иш чараларда ветеринардыксанитардык эрежелердин сакталышын көзөмөлдөөгө жана жаныбарларга жана алардан өндүрүлгөн продукцияларга мыйзамда бекитилген тартипте ветеринардык күбөлүк жана маалымдама берүүгө;

7.3.Инфекциялык жана инновизиондук ыландардын, жугуштуу оорулардын байкалган учурунда санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл кызматына чара көрүүгө ыкчам түрдө билдирүү берүүгө;

7.4.Менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жана санитардык эрежелердин аныкталган бузууларын четтетүү боюнча милдеттүү көрсөтмөлөрдү берүүгө;

7.5. Кызмат адамдарына жана жарандарга алар тарабынан жаныбарлардын жугуштуу ооруларын алдын алуу жана аларга каршы күрөшүү эрежелерин бузган учурларда Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодексинин негизинде административдик айып салууга;

7.6.Ветеринардык мыйзамдарда каралган учурларда, жаныбар тектүү продуктыларды жана чийки заттарды сатып алууга, экспорттоого, ошондой эле малды жана канаттууларды союуга, белгисиз жерлерде жаныбарларды жана мал чарба продуктыларын сатууга тыюу салууга.

## 8. Соңку бөлүгү

Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын, коомдук уюмдардын жана жарандардын ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылуу максатында ушул Эрежелердин аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөөгө ашырган кызмат адамдарына кандай гана болбосун таасир көрсөтүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилике алып келет.

Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттерине даттануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөөгө ашырылат.